Убакыт тарымайынча кыямат кайым болбойт

Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Убакыт тарымайынча кыямат кайым болбойт . Жыл айдай болуп калат. Ай аптадай болот. Апта күндөй эле болуп калат. Күн сааттай болот. А саат болсо куураган курма жалбырагын күйгүзгөндөй (жалт этип) өтөт".

[Сахих (ишенимдүү)] [Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) убакыттын тарыусу кыяматтын белгиси экенин кабарлаган. Ошентип жыл ай өткөндөй өтөт. Ай апта өткөндөй өтөт. Апта күн өткөндөй өтөт. Күн болсо бир саат өткөндөй өтөт. Саат курманын кургак жалбырагы жалп күйүп кайра өчкөндөй өтө бат өтөт.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/65027